# Жаш мугалимге жардам

## Методдор:


1. Сөз жүзүндө
2. Байкоо, чектөө
3. Көрсөтмөлүүлүк
4. Проблемалык
5. Интерактивдүү
6. Репродуктивдүү
7. Практикалык
8. Логикалык

## Типтери:

1. Жаңы материалды окуп үйрөнүү.
2. Текшерүүчү
3. Аралаш
4. Бышыктоочу
5. Жалпылоочу

## Окуунун түрлөрү:

1. Индивидуалдык
2. Дифференциалдык
3. Проблемалык





# Стандарттык эмес сабактын түрлөрү



1.Оюн

2.Таймашуу

3.Саякат

4.Лекция

5.Диспут

6.Аукцион

7.Семинар

8.Зачет

9.Парадокс

10.Консультация

11.Сабак-Зачет

12.Сабак-Мозаика

13.Молодеж - КВН

14.Чыгармачыл-отчет



15.Пресс-конференция

16.Сахналаштыруу

17.Окуучулардын бири-бирин окутуусу



18. Иштиктүү оюн сабактар

19.Тергөөнү иш билгилер жүргүзүшөт

20. Компьютердик сабактар

# ОКУТУУНУН ТРАДИЦИЯЛЫК УСУЛУ

## Максаты:

Мугалим билим берүүгө милдеттүү

## Өзгөчүлүктөрү:

- Мугалим көпчүлүк убакта туруп турат,сүйлөйт, активдүү.
- Окуучулар тынч отуруп ,мугалимди гана көрүшөт,угушат, пассивдүү
- Билим берүү
- Бир багыттуу байланыш.
- Бирөө сүйлөйт калганы угат
- Окутуунун басымдуу бөлүгүн түшүндүрүү
- Мугалим кээ бир окуучулар менен гана жекече иштейт.
- Жекече баа берүү - сабактын бир бөлүгү
- Сабактын фазалары көп убакытты алат.

## Өткөрүү жолу

- Үй тапшырмасын текшерүү.Суроо-жооп
- Жаңы теманы түшүндүрүү.
- Үйгө тапшырма берүү.

# Окутуунун принциптери

1. Илимге негизделиши (илимдин жетишкедиктерине токтолуу.)

2. Окутуунун турмуш менен байланышы (теориянын практика менен байланышы).

3. Окутуунун тарбиялык мааниси (тартиптүүлүк нравалык тарбия).

4. Өнүктүрүүчү, өстүрүүчү (таанып билүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү).

5. Билимди аң сезимдүү кабыл алуу (Билимди түшүнүү, анализдөө).

6. Билимдин терең жана бекемдиги (Окуучунун билимди жаттап эмес эстеп калуусу).

7. Окутуунун системалуулугу (билим үзгүлтүксүз системалуу болушу).

8. Окутуунун жеткиликтүүлүгү (жеңилден- оорго, жөнөкөйдөн- татаалга).

9. Көргөзмөлүүлүк (конкретүү нерседен- абстрактуулукка).



## Окуучу: Сабак!

Сабак! Сен кандай укмушсун!!Сен кандай ар түрдүүсүн ,же сен кандай мин түрдүүсүн?Бирде жомокко айланып кетесиң,бирде сахнадагы спектакль боло аласын,бирде кызыктар ,дүйнөсүнө адамды азгырып саякат сабак боло каласын. Бирде командалардын таймашасын! Кээде чекеден тер агызып ,изденүү-чүлүктү талап кылган түйшүктүү ж-а кызыктуу кемесин?Ал эми айрым учурда,улуу окумуштуулар зор ачылыштарды баяндаган илимий конференцияларга ,симпозиумдарга окшоп кетесин! Деги койчу ,сен өтө укмушсун!Ошол үчүн мен сени ар күнү , саат сайын ар бир сабакта сагынып күтөм! дегендей сабак болуусу керек. Ушундай сабак кантип ,кандайча жаралат ? Мындай сабакты жаратуу үчүн мугалим эмне кылуусу керек?

# Мыкты сабак кантип жаралат!

Барынан мурда мугалим педагогика-нын ,психологиянын ,алдынкы жетишкендиктери менен куралдан-ган болушу керек . Экинчи жагынан мугалим окуутунун формаларын , түрлөрүн ,сабактын типтерин ,анын структураларын мыкты билген болуусу зарыл. Үчүнчүдөн мугалимде бекем эрк ,туруктуулук, кашкөйлүк, өжөрлүк,чыгармачылык ,изденүүчү-лүк,баарынан мурда окуучунун келечек тагдыры үчүн жан күйгүзгөн боорукерлик ,адамды сүйүү сезимдери өтө жогору болуусу сөзсүз керек! Ошондуктан ар бир окуучуга :

Силерди биз келечектен көрөбүз,
Силер биздин келечектеги мөмөбүз,
Жакшы чыгып ,элге тийсе пайдаңар,
Сыймыктанып,көккө жетет төбөбүз,
Жаман чыгып,начар болуп калсаңар,
Түбөлүккө көз жаштарды төгөбүз, деп

элестетип туруп анан сабакты жаза баштоо керек! Ошондо гана Мыкты сабак жаралат!

Теңир ,ата -бабалардын түрдүү идеаларын кайрадан кайрып келүү азыркы тапта жаш муунду тарбиялоо ишине да айтарлык таасир эмгеги бар. Атаганда улуттук педагогика-нын уңгусуна айланып берүүсүнө жарайт .Улуттук адеп-ахлактын негиздерин тааныпбай ,ал элдик моралдык адамды аруулай баарын Теңирге алып чыгар касиетине каныктырат .Улуттук Тагдыр деген түшүнүк  көзү тирүү жашап турган муундун гана ынанбагандыгы эмес ал кечегиден бул күнгө алып берилген ,эртеңкиге да аманат уланаар, улаганда да байыраак уланарын тагдыр жазган,Теңир өзү эп көргөн кайталангыс кубулуш экенин сездирет.

# Мугалим!сенин негизги каражатын- Сабак!

Сабактын эң мыкты ,таасирдүү болушу ,же анын супсак ,жугумсуз болуп калышы- сенин колуң да! Сабак -бул мугалидин жараткан бир чоң чыгарма -сы болот. Ал жазуучунун жараткан чыгармасына тете. Анткени ар бир сабакта окуучу бул же тигил предмет боюнча билимдердин, көндүмдөрдүн негизине ээ болот.Сабакта окуучунун туруктуулук системалуулук, чыдамкай-лык ,эрктүүлүк ,чыгармалык изденүү-чүлүк,ж.б.сапаттары калыптанат.

Сабакта окуучунун атуулдук позициясы ,өз эли -жерин ,өз мекенин сүйүүсү боюнча патриоттук сезимдери бекемделет .Ал эми адабий чыгармада да окучуунун жогорудагыдай саппатары калыптанат эмеспи. Мына ошондуктан сабак- мугалимдин жараткан чоң чыгармасы болот дегендин мааниси мына ушунда.Ар бир окуучу сенин сабагыңа суктанып , анын тезирээк эле келишин чыдамсыздык

 менен күтүп ,сагынып туруусу зарыл:

# Интерактивдуу усул деген эмне?

**Биз өзүбүз көпчүлүк убакта окуучуларга материалды өзүбүз түшүн - дүрүп ,эреже мыйзамдарды,тянак-тарды өзүбүз чыгарып ,аларга даяр нерсени берүү менен чектелип келебиз .Бүгүнкү күндүн талабынан алып караганда бул туура болбой калды ,тескерисинче мындай мамиле окуучуларды пассивдүүлүк - кө ,жалкоолука үйрөтүп,аларды эркин ойлоо,ой- жүгүртүү ,тыянак чыгаруу ,өз көз карашын айтуу жана аны коргоого окшогон психология - лык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрбөй, басмырлап коёру талашсыз.**
**Педагогикалык көз караштан алган-да мугалим деген сөз жетелөөчү ,жол көрсөтүүчү,үйрөтүүчү деген болот. Ушул талаптардан алып караганда деле биз балдарга туура эмес мамиле жасап жатканыбыз көрүнүп жатпайбы.**

"Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт ",-деген накыл сөдүн өзү жогорудагыдай мамилени танып жатпайбы . Мугалим окууга бериле турган материалды жакшы билет, бирок  аны кандайча берүү керек ,кандай усулдарды колдону керек кандай каражаттарды колдону керек -мына ушул жагын пландаштырууга чабалдык кылып ,ойлонуп ,түйшүктөнүп отургуча даяр материалды бере алат ,окуучуларды кайра айтып берүүнү талап кылат. Мугалим бир аз ойлонуп ,изденип , ,каражаттарды издеп ,кандай кылганда окуучуларга жеткиликтүү боло тургандыгын пландаштырып көрсө эле бир идея келип чыга калат да .Анын кол алдында канчалаган каражжаттар -түрдүү көрсөтмө куралдар ,дидактикалык материалдар сүрөт иллюстациялар , макет -моделдер ,гербарийлер ,-коллекциялар ,карталар ж.б . каражжаттар турат.

Мына ушуларды билгичтик менен пайдаланып сабакты пландаштырса эле жакшы сабак пайда болмок. Мугалим сабак берүүнүн усулдарын-проблемалык ,дифференцтин , проблемалаштырган усулдарды сабактын стандарттуу жана стандарттуу эмес усулдарын билет да - ушуларды эле чыгармачылык менен пайдаланса бир натыйжа чыкмак. Кийинки мезгилдерде Интерактивдуу усул кеңири таркап кетти .Муну курстарга ,семинарларга барган мугалимдер билишет,пайдаланып да жатышат. **Интерактивдуу усул деген эмне?**

Муну түшүнү үчүн биз пайдаланып жүргөн интернационал деген сөз бардык улуттардын,элдердин достугу ,биримдиги деген түшүндүрөөрүн эстесек болот.Демек,Интерактивдуу усулдун же Өз ара аракеттенүү усулунун негизги өзгөчөлүгү төмөнкүдөй: -

# Өз ара аракеттенүү!

бул жаңыны ачуу процесси,анда окуучулар бири - бири менен карым катышта болушат жана "өз алдынча билим алуу жөндөмдөрдүн өздөштүрүп алгылыктуу натыйжага жетишет.Интерактивдуу усул маселелердин кеңири диагнозун жана өз ара аракеттенүүнүн түрлөрүн колдонууга ийкемдүү келет . Окуу процессинде окуучу төмөндөгүлөр менен карым- катнашта болуп,бирге аракеттенет: -Мугалим менен(бул бийлик бир гана мугалидин колунда болгон саппаттуу өз ара мамилени мугалим өзгөртүүгө даяр болгон шартта гана мүмкүн ): Чакырылган кишилер менен (же класс кайсы бир уюмдарга жана кишилерге барышы мүмкүн ):

-Башка окуучу менен эки-экиден болуп иштөө;

Окуучулардын чоң тобу менен (көбүнчө ролдоштурган оюндун ,талкуунун жана башка түрлөрү);

Окуучулардын чоң тобу жана жамааты менен ( изилдөө жүргүзүп жаткан топ): - Техниканын айрым түрлөрү менен ( мисалы компьютер менен) : Топтун саны окутуунун сапатына өз ара ,аркетине таасир эте албайт, мугалим ар бир топту көзөмөлдөй ,жетектей билүүсү керек.

**Изилдөөлөрдөн маалым:**

- биз уккандарыбыздын 10% на жакынын;

-окугандарыбыздын 20%на чейин-кисин ;

-өзүбүз жасаган нерселердиин 80%ын эсибизде сактап калат, экенбиз муну биздин тажрыйба да ырастап жатпайбы.Эгерде окуучуга даяр жоопторду берип койсок,анын-акыл эси пасивдүү бойдон калат.Бирок биз идеяларыбызды иштеп чыгып ,аларды иш жүзүнө аткарсак ,акыл -эсибиздин активдүүлүгү кескин жогорулаганын байкайбыз.

# Окутуунун шарттарын жакшыртуу

Компоненттин максаты-окутуунун шарттарын жакшыртуу ж-а Республиканын бардык мектептеринде мектепке даярдоо программасын ишке ашырууга окуу методикалык материалдарын керектүү көлөмдө камсыз кылуу.

Өлкө боюнча баардык 2133 мектептерин негизги окуудидактикалык жана окуу материалдардын типтүү-калыптык пакеттери менен камсыз кылуу:

- ☐ өнүктүрүүчү оюндар
- ☐ окуу үчүн китептер
- ☐ көрсөтмө куралдар
- ☐ мугалимдер үчүн усулдук колдонмолор

төрт облустун 1365 мектептерин ( Ош, Жалал -Абад ,Талас жана Ыссык-Көл) окуу эмеректердин комплектери менен камсыз кылуу :

- ☐ окучуулар үчүн парталар жана отургучтар
- ☐ мугалимдердин столу жана отургучу
- ☐ мектеп доска
- ☐ окуу материалдарын сактоо үчүн стеллаждар-текчелер

# Стандарттык эмес сабактын түрлөрү



1.Оюн

2.Таймашуу

3.Саякат

4.Лекция

5.Диспут

6.Аукцион

7.Семинар

8.Зачет

9.Парадокс

10.Консультация

11.Сабак-Зачет

12.Сабак-Мозаика

13.Молодеж - КВН

14.Чыгармачыл-отчет



15.Пресс-конференция

16.Сахналаштыруу

17.Окуучулардын бири-бирин окутуусу



18. Иштиктүү оюн сабактар

19.Тергөөнү иш билгилер жүргүзүшөт

20. Компьютердик сабактар